**2025-2026-окуу жылында Математика,физика,техника жана информациялык технологиялар институтунун бакалавриатта 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багыты,«Физика» профили боюнча билим алып жаткан студенттердин арасында жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоонун жыйынтыктары**

550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» профили боюнча бакалавриатта билим алып жаткан студенттердин өздүк теориялык билимдеринин деңгээлин жана бул билимдерди иш жүзүндө колдонуу билгичтиктеринин калыптануу деңгээлин өздүк баалоосунун даражасын тастыктоо максатында соңку окуу жылдарында физик студенттердин арасында анкеталык сурамжылоо жүргүзүлүп келүүдө. Мында жыл сайын студенттерге сунушталган анкетанын мазмуну кайрадан каралып чыгып, жаңыланып турат.

Ушул окуу жылында анкетирлөөнү уюштуруу жана анын натыйжаларын талдоо иштери төмөнкүдөй тартипте ишке ашырылды.

1) доцент М. М. Жуманова тарабынан мурдагы окуу жылдарында студенттерди анкетирлөөдө пайдаланылган анкеталардын жана ОшМУнун карьера борбору студенттер үчүн сунуштаган анкетанын негизинде 1-4-курстардын ар бири үчүн өзүнчө анкета иштелип чыкты (1–4-анкеталар тиркелет);

2) 2-анкета 2-курстун ФЕ(б)-1–24 тайпасынын студенттеринин санына жараша көбөйтүлүп берилди, ал эми 1-, 3-, 4-анкеталар физик ФЕ(б)-1–25, ФЕ(б)-1-23, ФЕ(б)-1-22 тайпаларынын студенттерине pdf форматта электрондук версияда сунушталды;

3) анкетирлөө доцент М. М. Жуманова тарабынан жүргүзүлдү: 2025-жылдын 26-декабрында ФЕ(б)-1–25, ФЕ(б)-1-24, ФЕ(б)-1-22 тайпаларында, ал эми ФЕ(б)-1-23 тайпасында 2026-жылдын 12-январында болуп өттү;

4) анкетирлөөдө алынган берилмелерди баштапкы анализдөөгө (*орусча:* первичная обработка данных) 1-4-курстардын студенттери катышты, андан кийин бул натыйжалар доцент М. М. Жуманова жана окутуучу Калидин к Т. тарабынан жалпыланып, электрондук форматка өткөрүлдү.

Биздин пикирибизче, аталган анкеталардын суроолорунун жардамында алынган берилмелерди талдоонун жыйынтыктары студенттердин ушул семестрде белгилүү бир дисциплиналарды окуп үйрөнүү процессинде калыптанган билимдеринин деңгээлин жана мурдагы семестрлерде окуп үйрөнүлгөн дисциплиналар боюнча калдык билимдеринин деңгээлин аныктоочу мониторингдердин жардамында алынган берилмелердин анализдеринин жыйынтыктары менен биргеликте *салыштырма-жанаштырма талдоодон* өткөрүлсө, ОшМУда физика мугалимдерин даярдоо процессинин эффективдүүлүгүн баалоонун объективдүүлүгүн камсыздоого шарт түзүлөт. Ошондой эле, билим-билгичтиктерди ушундайча текшерип баалоо студенттердин келечектеги кесиптик ишмердигинде окуучулардын физикалык билимдерин обьективдүү баалай алышына гана эмес, өзүн өзү обьективдүү баалай алган адис болуп калыптанышына, анын натыйжасында өзүнүн кесиптик-методикалык даярдыгын, инсандык, адеп-ахлактык ж. б. сапаттарын жакшыртуунун үстүнөн талыкпай иштеген кесипкөй мугалим катары калыптанышына да өбөлгө түзөт.

Төмөндө 2025-жылдын 26-декабрында 2026-жылдын 12-январында ФЕ(б)-1–25, ФЕ(б)-1-24, ФЕ(б)-1-23, ФЕ(б)-1-22 тайпаларында жүргүзүлгөн анкетирлөөнүн жыйынтыктары келтирилет.

## 1. ФЕ(б) -1–25 тайпасы (I курс)

Бул тайпадагы студенттердин жалпы саны –19, сурамжылоого катышкандардын саны – 19. Анкеталык сурамжылоо 2026-жылдын 26-декабрь күнү 2-анкетанын жардамында жүргүзүлдү. Пайыздык (%) көрсөткүчтөрдү эсептөөдө сурамжылоого катышкандардын жалпы саны 100 % деп кабыл алынды.

Студенттердин анкетанын 1- жана 2-суроолорго берген жоопторунун анализи 1-таблицада жана 1-диаграммада чагылдырылган.

1-таблицадан «Сиз эмне үчүн физик адис болууну чечтиңиз, б. а. 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» профилин эмне үчүн тандадыңыз?» деген 1-суроого берилген жооптордун бөлүштүрүлүшүнөн ФЕ(б) -1–25 тайпасынын студенттеринин көпчүлүгү (13 студент, 68,42%) «Физика» профилин келечекте физика мугалими болуп иштөөнү ниеттенип тандагандыгын көрүнүп турат. 4 студент (21%) «тааныштарымдын жана ата-энемдин кеңеши боюнча» деген жоопту тандаган, 2 студент (10%) «мен башка кесиптин ээси болгум келген, бирок документ тапшырганы келсем, ошол адистикте бюджеттик орундар жок экен (же бар болгон менен толуп калыптыр), ал эми физика адистигинде бюджеттик орундар толо элек болчу» деп, ал эми 2 студент (14, 29%) «башка себеп» деп белгилешкен, бирок ал себепти көрсөтүшкөн эмес.

2-суроого («Эгер Сизге азыркы учурда ОшМУда физика адистигинде окуй бергенге же башка адистикти тандоого, же болбосо башка ЖОЖдо физиканы же башка адистикти тандоого мүмкүнчүлүк берилсе, анда Сиз эмне кылмаксыз?») жооптордун анализи төмөнкүнү көрсөттү: 15 студент (78,9%) ОшМУда физика адистигинде окуусун уланта бермек; 3 студент (15,7%) ОшМУда башка адистикти тандамак.

*1-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | а | б | в | г | д | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 1 | Сиз эмне үчүн физик мугалим болууну чечтиңиз, б. а. 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» профилин эмне үчүн тандадыңыз? | 13 / 68,42 | 4 / 21,05 | | | 2 / 10,53 | |
| 2 | Эгер Сизге азыркы учурда ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде окуй бергенге же башка адистикти тандоого, же башка ЖОЖдо физиканы же башка адистикти тандоого мүмкүнчүлүк берилсе, анда Сиз: | 15 / 78,95 | 3 / 15,79 | - | - | - | 1 / 5,26 |

*1-диаграмма*




3-суроого («Физика адистигинде билим берүүнүн сапатын жалпысынан алганда кандай деп баалайсыз?») берилген жоопторду талдоо тайпанын студенттеринин басымдуу бөлүгү ОшМУнун физика адистигинде билим берүүнүн сапатын жалпысынан алганда «жакшы» жана «эң жакшы» деп баалашкандыгын деп эсептегендигин айгинеледи (2-таблица жана 2-диаграмма).

*2-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эң жакшы | жакшы | орто | начар | абдан начар | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 3. | Физика адистигинде билим берүүнүн сапатын жалпысынан алганда кандай деп баалайсыз? | 12 / 63,15 | 5 / 26,3 | - | - | - | 2 / 10,53 |

*2-диаграмма*




4-суроого («Өзүңүздүн ушул курста окуп үйрөнүлгөн дисциплиналар боюнча теориялык билимдериңиздин сапатын кандай деп баалайсыз?») алынган жоопторду талдоонун натыйжалары 3-таблицада жана 3-диаграммада берилген. Аларга таянып, ФЕ(б) - 1–25 тайпасынын студенттеринин басымдуу бөлүгү ушул семестрде окуп

үйрөнүп жаткан (же буга чейинки семестрлерде окуп үйрөнүлгөн) дисциплиналар боюнча өздүк теориялык билимдеринин азыркы учурдагы сапатын «эң жакшы» жана «жакшы» деп баалай тургандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга болот.

*3-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эң жакшы | жакшы | орто | начар | абдан начар | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 4. | Өзүңүздүн азыркы учурдагы теориялык билимдериңиздин сапатын кандай деп баалайсыз? | | | | | | |
| 4.1. | Механика: | 6 / 31,58 | 10 / 52,63 | 1 / 5,26 | - | - | 2 / 10,53 |
| 4.2. | Физиканын адаптивдик курсу: | 5 / 26,32 | 8 / 42,1 | 5 / 26,32 | - | - | 1 / 5,26 |
| 4.3. | Практикалык физика: | 8 / 42,1 | 7 / 36,84 | 1 / 5,26 | - | - | 3 / 15,79 |
| 4.4. | Физиканын математикалык аппараты: | 6 / 31,58 | 8 / 42,1 | 4 / 21,05 | - | - | 1 / 5,26 |
| 4.5. | КСЕ: | 10 / 52,63 | 4 / 21,05 | 1 / 5,26 | - | - | 4 / 21,05 |
| 4.6. | Математика: | 2 / 10,53 | 10 / 52,63 | 4 / 21,05 | 3 / 15,79 | - | |
| 4.7. | Кыргыз тили | 4 / 21,05 | 10 / 52,63 | 3 / 15,79 | - | - | 2 / 10,53 |

*3-диаграмма*




<u>5-суроо</u> («<u>Өзүңүздүн теориялык билимиңизди иш жүзүндө колдоно билүүңүздүн сапатын кандай деп баалайсыз?</u>») студенттин окуп үйрөнүлүп жаткан дисциплиналардын ар бири (же ар бир тобу) боюнча өзүнүн теориялык билимдерин

иш жүзүндө колдоно билүүсүнүн сапатын өздүк баалоосун айкындоого багытталган. Бул суроого берилген жоопторду талдоонун жыйынтыктары 4-таблицада камтылган жана 4-диаграммада көрсөтүлгөн.

*4-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эң жакшы | жакшы | орто | начар | абдан начар | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 5. | Өзүңүздүн теориялык билимиңизди иш жүзүндө колдоно билүүңүздүн сапатын кандай деп баалайсыз? (Жоопту дисциплиналардын ар бир тобу боюнча өзүнчө белгилеңиз) | | | | | | |
| 5.1. | Механика, Физиканын адаптивдик курсу боюнча маселе иштөө билгичтигиңиз: | 1 / 5,26 | 10 / 52,63 | 8 / 42,11 | | | |
| 5.2. | Механика, Физиканын адаптивдик курсу, Практикалык физика боюнча лабораториялык иштерди аткарууңуздун сапаты: | 6 / 31,58 | 12 / 63,16 | 1 / 5,26 | | | |
| 5.3. | Кыргыз тили боюнча сабаттуулугуңуздун азыркы учурдагы абалын кандай баалайсыз? | 2 / 10,53 | 14 / 73,68 | 3 / 15,79 | | | |

*4-диаграмма*




Аталган таблица менен диаграммадан көрүнүп тургандай, студенттер азыркы учурда үйрөнүп жаткан (же буга чейин окуп үйрөнүлгөн) дисциплиналардын ар бир тобу боюнча өздүк теориялык билимдерин колдонуу билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн сапатын төмөнкүдөй баалашкан:

- Механика, Физиканын адаптивдик курсу дисциплиналардан физикалык маселелерди иштөө жана лабораториялык иштерди аткаруу боюнча өздүк билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин баалоодо 1 студент (5,26%) – «эң жакшы» жообун, ал эми 10 студент (52,63%) «жакшы», 8 студент (42,11%) «орто» жоопторун тандашкан;

- Механика, Физиканын адаптивдик курсу, Практикалык физика боюнча лабораториялык иштерди аткаруусунун сапатын 6 студент (31,58%) – «эң жакшы», 12 студент (63,16%) – «жакшы», 1 студент (5,26%) – «орто» деп эсептейт;
- Кыргыз тили боюнча сабаттуулугунун азыркы учурдагы деңгээлин студенттердин дээрлик баары жогору деп эсептешет: 2 студент (10,53%) – «эң жакшы» жана 14 студент (73,68%) – «жакшы» деп көрсөткөн; 3 студент (15,79%) – «орто» жообун тандаган;

Сурамжылоого катышкандардын 4- жана 5-суроолорго берген жоопторун талдоонун натыйжаларын салыштырып-жанаштырып карайлы. Анда ФЕ(б) – 1-25 тайпасынын студенттеринин теориялык билимдердин калыптануу деңгээлин өздүк баалоосунун жыйынтыктарына салыштырмалуу бул билимдерди колдонуу билгичтиктеринин калыптануу деңгээлин өздүк баалоосунда «эң жакшы» категориясын тандагандардын үлүшү азайып, тескерисинче, «орто» жана «начар» категорияларын тандаган студенттердин үлүшү чоңойгондугу даана байкалат. Ошондуктан, ***студенттерде теориялык билимдерди колдонуу боюнча компетенттүүлүктөрдүн ийгиликтүү калыптанышы үчүн окутуучулар сабак учурунда практикалык мүнөздөгү өздүк иштерди көбүрөөк уюштурууга жана үй тапшырмасына ушул сыяктуу иштерди берип, мындай иштердин аткарылышынын сапатына дыкат көңүл бурууну максатка ылайыктуу*** деген **тыянак** чыгарууга болот**.**

6-суроого («Эгер теориялык билимдериңиздин жана аларды иш жүзүндө колдонуу боюнча билгичтиктериңиздин сапаты азыркыдан да жогору болушун каалсаңыз, анда Сиздин оюңузча, кандай көйгөйлөр мыкты билим алууңузга жолтоо болуп жатат?») студенттердин берген жоопторунн категориялар боюнча бөлүштүрүлүшү төмөнкүдөй болуп чыкты: «а) студенттин ЖОЖго тапшырганга

*5-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | а | б | в | г | д | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 6. | Эгер теориялык билимдериңиз-дин жана аларды иш жүзүндө колдонуу боюнча билгичтикте-риңиздин сапаты азыркыдан да жогору болушун кааласаңыз, анда Сиздин оюңузча, кандай көйгөйлөр мыкты билим алууңузга жолтоо болуп жатат? | 7 / 36,84 | - | 4 / 21,05 | - | 7 / 36,84 | 1 / 5.26 |

*5-диаграмма*




чейинки, б. а. мектептик даярдыктын деңгээли төмөн, ал эми ЖОЖдун мугалимдери студенттин мектептик билимин көтөрүүгө маани беришпейт» деген жоопту тандагандар 7 студент (36,84%); «б) тилекке каршы, ОшМУда физика мугалимдерин даярдоо процессинин окуу-методикалык жактан китептер, приборлор, электрондук доска, ж. б. менен жабдылышы кыйла начар – приборлордун эскирип, бузулгандары көп, студенттердин электрондук досканы жана видеопроекторду колдонууну үйрөнүшү үчүн жетиштүү шарттар жок» жообун белгилегендер жок «в) кээ бир мугалимдер сабакты көп калтырган же такыр келбеген студенттерге деле сынакта жакшы баа коюшат, ошондуктан калган студенттердин бир тобу окуса да – окубаса да баары бир ОшМУнун дипломун алганга мүмкүнчүлүк бар деп ойлоп, жакшы окубай коюшат» деп 4 студент (21,05%) эсептейт; «г) кээ бир мугалимдер компетентсиз; сабак учурунда алардын өздөрү окуткан предметин жакшы билбегендиги байкалып калат, же айрым мугалимдер кесиптик этиканы сакташпайт – ушуга окшогон себептерден кээ бир студенттин окууга кызыгуусу жоголуп, ошол мугалимдер окуткан предметтерден сынактарга жакшы даярданбайт – билими тайкы болуп калат» жообун эч ким тандаган эмес; ал эми «д) жеке, б. а. өздүк себептер (начар ден соолук, үй-бүлөлүк шарттар, башка жат адамдардын же дос-тааныштардын студенттин жакшы окуусуна терс таасир тийгизүүсү, студентте бул кесипке кызыгуу мурдатан эле жок болгон жана ал ЖОЖдо да болочок кесибине кызыгууга өзү аракет кылбай жатат ж. б.)» жообун 7 студент (36,84%) тандаган; 1 студент (5,26%) жооп берген эмес (5-таблицаны жана 5-диаграмманы караңыз), .

7-чи, «Ушул семестрде окуп үйрөнүлүп жаткан дисциплиналардын ар бири боюнча азыркы учурда кайсы адабияттарды иш жүзүндө пайдаланып жатасыз? Алардын тизмесин жазыңыз. (Эскертүү: Жоопто китептердин атын так көрсөтүңүз; мында лекциянын конспектин да көрсөтсө болот) деген суроого сурамжыланган студенттердин бири да жооп берген эмес. Бул натыйжага таянып төмөнкүдөй **тыянак** чыгарууга болот: *Сурамжылоого катышкан студенттер адабий булактар менен иштөдө окуулуктардын аталышына жана кайсы авторлор тарабынан жазылганына маани беришпейт – көңүл бурушпайт, же жөн эле окуулуктарды пайдаланышпайт – жасалма интеелекктин кызматын көрүшөт*.

8-чи, «Сиздерди окуткан мугалимдер окуу процессинде тарабынан окутуунун интерактивдүү технологияларын кандай даражада колдонушат?» деген суроонун

жоопторунун анализин 6-таблица жана 6-диаграмма чагылдырат. Алардан көрүнүп тургандай, 4 студент (21,05%) иш жүзүндө бардык мугалимдер окутуунун интерактивдүү технологияларын дайыма колдонушат деп эсептейт, ал эми «Иш жүзүндө кээ бир гана мугалимдер окутуунун интерактивдүү технологияларын көп колдонушат» деген жоопту 8 (42,11%) студент тандаган, жана «Иш жүзүндө окутуунун интерактивдүү технологияларын көпчүлүк мугалимдер колдонушпайт, мындай технологияларды кээ бир гана мугалимдер кээде гана колдонушат» деген жоопту 2 төн (10,53%) студент тандаган. «Иш жүзүндө бардык мугалимдер окутуунун интерактивдүү технологияларын таптакыр колдонушпайт» деген жоопту жана эч ким белгилеген эмес, ал эми 3 студент (15,79) «Айта албайм» деген жоопту белгилеген.

*6-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | а | б | в | г | д | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 8. | Сиздерди окуткан мугалимдер окуу процессинде тарабынан окутуунун интерактивдүү технологияларын кандай даражада колдонушат? | 4 / 21,05 | 8 / 42,11 | 2 / 10,53 | - | 3 / 15,79 | 2 / 10,53 |

*6-диаграмма*




<u>9-чу, «Сиз ОшМУнун Математика,физика,техника жана информациялык технологиялар институтунун физик студенттери окуган аудиторияларынын, анын ичинде лабораториялык кабинеттердин материалдык-техникалык базасын кандай баалайсыз?</u>» [Тактоо: аудиториянын же лапбоараториялык кабинеттин материалдык-техникалык базасына физикалык приборлор, көргөзмө каражаттар (таблицалар – плакаттар, стенддер, моделдер, макеттер) жана окутуунун техникалык, анын ичинде – заманбап техникалык каражаттары – персоналдык компьютерлер, видеопроектор, электрондук доска, «акылдуу» смарт-доска ж. б.), караңгылатуучу пардалар, видеопроекцияны көрсөтүү үчүн чоң ак экран, физикалык тажрыйбаларды көрсөтүү

үчүн демонстрациялык стол, демонтрациялык стол үчүн подиум – досканын алдындагы атайын секиче, парта-блоктор, столдор, стулдар жана прибор сактагыч тумбалуу столдор ж. б. менен жабдылышы кирет] деген суроонун жоопторунун анализи 7-таблицада жана 7-диаграммада берилген. Аларга ылайык, бардык студенттер оӊ баалаган (19 студент, 100%), мында 8 студент (42.11%) – «эӊ жакшы», 9 студент (47,37%) – «жакшы», 2 студент (10,53%) – «орто» деп баа берген.

*7-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эӊ жакшы | жакшы | орто | начар | абдан начар | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 9 | Сиз ОшМУнун Физика-техника факультетинин физик студенттери окуган аудиторияларынын, анын ичинде лабораториялык кабинет-тердин материалдык-техникалык базасын кандай баалайсыз? | 8 / 42,11 | 9 / 47,3 | 2 / 10,5 | - | - | - |

*7-диаграмма*




10-чу «Учурдук текшерүү деген эмне?» деген суроого студенттердин эч кимиси жооп берген эмес.

11-суроонун («Сиз окуу процессинде орун алган көзөмөлдү - билимдерди текшерүүнү уюштуруунун сапатына жалпысынан алганда канааттанасызбы?») деген суроого алынган жоопордун «ооба», «жок» жана «билбейм» категориялары боюнча бөлүштүрүлүшү 8-таблицада берилген. Алардан көрүнүп тургандай, сурамжылоого катышкан студенттердин көпчүлүгүнүн билимдерди текшерүүнү уюштуруунун сапатына жалпысынан алганда “билбейм” деген жоопту тандоо максатка ылайыктуу экендигин баамдашкан эмес, анткени алар али боло элек кышкы сынак кандайча уюштурулушун алдын ала билишпейт. Ошондуктан алардын 11-чуроого берилген жоопторун объективдүү деп эсептөөгө болбойт жана алардын ушул суроого жоопторун кышкы сессиядан кийин дагы бир ирет анкетирлөө аркылуу тастыктоо абзел.

*8-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | ооба | жок | билбейм | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 11. | Сиз окуу процессинде орун алган көзөмөлдү - билимдерди текшерүүнү уюштуруунун сапатына жалпысынан алганда канааттанасызбы? | | | | |
| А | Учурдук текшерүүнү уюштуруунун сапатына | 10 / 52,63 | 6 / 31,58 | - | 3 / 15,79 |
| Б | Модулдук текшерүүнү уюштуруунун н сапатына | 2 / 10,53 | 4 / 21,05 | 3 / 15,79 | 10 / 52,63 |
| В | Экзаменди уюштуруунун сапатына | 3 / 15,79 | 1 / 5,26 | 11 / 57,89 | 5 / 26,32 |

12-суроого («Сиздин оюңузча, билим-билгичтиктерди баалоо критерийлери деген эмне?») деген суроого студенттедин эч бири жооп берген эмес.

13-суроо: «Ушул семестрде окуп үйрөнүлгөн дисциплиналарды окуткан окутуучулардын билим-билгичтиктерди текшерип баалоодо колдонгон баалоо критерийлери Сиз үчүн белгилүүбү жана түшүнүктүүбү? (дисциплиналарды көрсөтүңүз)» деп аталат жана ага алынган жоопторду талдоонун натыйжаларына таянып, сурамжыланган студенттердин көпчүлүгү үчүн аталган критерийлер белгилүү жана түшүнүктүү деп эсептөөгө болот (9–таблицаны караңыз).

*9-таблица*

| а) жооп гана белгиленген | б) жооп гана белгиленген | в) жооп гана белгиленген | а) жана б) жооптор белгилеген | а) жана в) жооптор белгиленген | б) жана в) жооптор белгиленген | а), б), в) жооптор белгиленген | жооп берилген эмес |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 5 | 1 | | | | | 4 |

14-чү, «ОшМУнун физик студенттер жашаган жатаканасында түзүлгөн жашоо шарттары кандай?»; 15-чи, «ОшМУнун борбордук китепканасында жана окуу залдарында студенттер үчүн түзүлгөн шарттар кандай?» жана 16-чы, «ОшМУнун башкы корпусундагы ашкананын студенттерге кызмат көрсөтүүсүнүн учурдагы абалы кандай?» деген суроолорго студенттерден кандай жооптор алынгандыгы 10-таблицадан жана 9-диаграммадан көрүнүп турат.

*10-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эң жакшы | жакшы | орто | начар | абдан начар | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 14. | ОшМУнун физик студенттер жашаган жатаканасында түзүлгөн жашоо шарттары кандай? | - | 1 / 5,26 | 6 / 31,58 | - | 1 / 5,26 | 11 / 57,90 |
| 15. | ОшМУнун борбордук китепканасында жана окуу залдарында студенттер үчүн түзүлгөн шарттар кандай? | 8 / 42,11 | 11 / 57,90 | - | - | - | |
| 16. | ОшМУнун башкы корпусундагы ашкананын студенттерге кызмат көрсөтүүсүнүн учурдагы абалы кандай? | 4 / 21,05 | 14 / 73,68 | 1 / 5,26 | | | |

*10-диаграмма*




Аталган суроолорго кайтарылган жоопторду талдоодон төмөнкүдөй **жыйынтыктарды** чыгарууга болот:

1) тайпанын сурамжыланган студенттеринин ичинен 7 студент (50,0%) аталган шарттарды негизинен оң баалашат, 1 студент (5,26%) «абдан начар» деп эсептейт, калган 11 студент (57,90%) жатаканада жашабагандыктан, 14-суроого жооп берген эмес;

2) тайпанын сурамжылоого катышкан студенттеринин бардыгы (19 студент, 100%) ОшМУнун борбордук китепканасында жана окуу залдарында студенттер үчүн түзүлгөн шарттарды оң («эң жакшы» жана «жакшы») деп баалашат, Студенттердин бул баасы ***аталган китепкана жана окуу залы окурмандарга жогору деңгээлде кызмат көрсөтөт*** дегенди билдирет.

3) Ал эми ОшМУнун башкы корпусундагы ашкананын студенттерге кызмат көрсөтүүсүнүн учурдагы абалын баалоодо алынган жооптордун бардыгы оң мааниде: 18 жооп «эң жакшы» жана «жакшы» категорияларына туура келет, 1 студент «орто» деа баалаган; демек аталган ашкана клиенттерге негизинен жогору деңгээлде кызмат көрсөтөт дегенди билдирет..

ФЕ(б)-1-25-тайпасынын студенттери тарабынан ОшМУнун МФТИТ институтун 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» профили боюнча адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу боюнча бир да студент сунуш айткан эмес, демек студенттер окутуунун сапатына негизинен канаатанышат

деп божомолдоого болот. Бул божомолду текшерүү үчүн кошумча сурамжылоо үчүн февраль айында кошумча анкетирлөө мерчемделип жатат.

ФЕ(б)-1-25-тайпасынын студенттеринин 1-анкетанын бардык суроолору боюнча жоопторун жана пикир-сунуштарын талдоонун жыйынтыктарын жалпылап, төмөнкүдөй **ТЫЯНАКТАР**ды чыгарууга болот:

1) Тайпанын студенттерин ОшМУда физика мугалимдерин даярдоонун азыркы абалы жалпы жонунан алганда канааттандырат;
2) Тайпанын студенттеринин басымдуу бөлүгү ОшМУда физика мугалимдерин даярдоонун деңгээлин кыйла жогору деп эсептейт.

1-анкетанын мазмунун аныктаган
жана анкетирирлөөдө алынган
берилмелерди талдаган, доцент: Жуманова М. М.

окутуучу: Калидин к. Т.

*1-ТИРКЕМЕ*

**СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН АНКЕТА**

(1-курс үчүн)

**Урматтуу студент! Сизден төмөнкү суроолорго жооп берүүңүздү өтүнөбүз. Сиздин жоопторуңуз ОшМУда 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» профили боюнча жогорку билимдүү адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга жардам берет.**

Курс ______ Тайпа________ Анкетаны толтуруу датасы________

1. **Сиз эмне үчүн физик мугалим болууну чечтиңиз, б. а. 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» профилин эмне үчүн тандадыңыз?**

а) келечекте ушул адистик боюнча иштөөнү каалайм,
б) тааныштарымдын жана ата-энемдин кеңеши боюнча,
в) мен башка кесиптин ээси болгум келген, бирок документ тапшырганы келсем, ошол адистикте: бюджеттик орундар жок экен (же бар болгон менен толуп калыптыр), ал эми физика адистигинде бюджеттик орундар толо элек болчу,
г) бир дагы кесипке өзгөчө кызыккан эмесмин, ошондуктан ОшМУга жогорку билим тууралуу диплом алсам болду деп, физиканы кокус эле тандап тапшырганмын,
д) башка себеп ____________________________________________________________

2. **Эгер Сизге азыркы учурда ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде окуй бергенге же башка адистикти тандоого, же башка ЖОЖдо физиканы же башка адистикти тандоого мүмкүнчүлүк берилсе, анда Сиз:**

а) ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде окууңузду уланта бермексиз;
б) ОшМУда башка адистикти тандамаксыз; кайсы адистик экендигин көрсөтүңүз________;
в) башка ЖОЖго физикага тапшырмаксыз; кайсы ЖОЖ экендигин көрсөтүңүз__________;
г) башка ЖОЖго тапшырмаксыз; кайсы ЖОЖ жана кайсы адистик экендигин көрсөтүңүз______________________________________________________________________;
д) Эч бир ЖОЖго тапшырбай эле коймокмун.

3. **ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде билим берүүнүн сапатын жалпысынан алганда кандай деп баалайсыз?**
а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар.

4. **Өзүңүздүн ушул курста окуп үйрөнүлгөн дисциплиналар боюнча теориялык билимдериңиздин сапатын кандай деп баалайсыз?**

1) *Механика:* а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар
2) *Физиканын адаптивдик курсу:* а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар
3) *Практикалык физика:*
а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар
4) *Физиканын математикалык аппараты:*
а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар
5) *Энергиянын толукталма булактары:*
а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар
6) КСЕ: а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар

7) Математика: а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар
8) Кыргыз тили: а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар

5. **Өзүңүздүн теориялык билимиңизди иш жүзүндө колдоно билүүңүздүн сапатын кандай деп баалайсыз?**

*1) Механика, Физиканын адаптивдик курсу боюнча маселе иштөө билгичтигиңиз:*

а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар

*2) Механика, Физиканын адаптивдик курсу, Практикалык физика боюнча лабораториялык иштерди аткарууңуздун сапаты:*

а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар

*3) Кыргыз тили боюнча сабаттуулугуңуздун азыркы учурдагы абалын кандай баалайсыз?*

а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар

6. **Эгер теориялык билимдериңиздин жана аларды иш жүзүндө колдонуу боюнча билгичтиктериңиздин сапаты азыркыдан да жогору болушун кааласаңыз, анда Сиздин оюңузча, кандай көйгөйлөр мыкты билим алууңузга жолтоо болуп жатат?**

а) студенттин ЖОЖго тапш ырганга чейинки, б. а. мектептик даярдыктын деңгээли төмөн, ал эми ЖОЖдун мугалимдери студенттин мектептик билимин көтөрүүгө маани беришпейт;

б) тилекке каршы, ОшМУда физика мугалимдерин даярдоо процессинин окуу-методикалык жактан китептер, приборлор, электрондук доска, ж. б. менен жабдылышы кыйла начар – приборлордун эскирип, бузулгандары көп, студенттердин электрондук досканы жана видеопроекторду колдонууну үйрөнүшү үчүн жетиштүү шарттар жок;

в) кээ бир мугалимдер сабакты көп калтырган же такыр келбеген студенттерге деле сынакта жакшы баа коюшат, ошондуктан калган студенттердин бир тобу окуса да – окубаса да баары бир ОшМУнун дипломун алганга мүмкүнчүлүк бар деп ойлоп, жакшы окубай коюшат;

г) кээ бир мугалимдер компетентсиз; сабак учурунда алардын өздөрү окуткан предметин жакшы билбегендиги байкалып калат, же айрым мугалимдер кесиптик этиканы сакташпайт – ушуга окшогон себептерден кээ бир студенттин окууга кызыгуусу жоголуп, ошол мугалимдер окуткан предметтерден сынактарга жакшы даярданбайт – билими тайкы болуп калат;

д) жеке, б. а. өздүк себептер (начар ден соолук, үй-бүлөлүк шарттар, башка жат адамдардын же дос-тааныштардын студенттин жакшы окуусуна терс таасир тийгизүүсү, студентте бул кесипке кызыгуу мурдатан эле жок болгон жана ал ЖОЖдо да болочок кесибине кызыгууга өзү аракет кылбай жатат ж. б.).

7. **Ушул семестрде окуп үйрөнүлүп жаткан дисциплиналардын ар бири боюнча азыркы учурда кайсы адабияттарды иш жүзүндө пайдаланып жатасыз? Алардын тизмесин жазыңыз. (Эскертүү:** Жоопто китептердин атын так көрсөтүңүз; мында лекциянын конспектин да көрсөтсө болот.)

______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
_______________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
________________________________________________________________
___________________________________________________________________

8. **Сиздерди окуткан мугалимдер окутуунун интерактивдүү технологияларын (окуу материалын студенттердин түгөйлөшүп же чакан топтордо өз алдынча окуп үйрөнүп жана талкуулоосун, презентацияларды ж. б), физика боюнча ой экспериментин окуу процессинде кандай даражада колдонушат?**

а) Иш жүзүндө бардык мугалимдер окутуунун интерактивдүү технологияларын дайыма колдонушат; б) Иш жүзүндө кээ бир гана мугалимдер окутуунун интерактивдүү технологияларын көп колдонушат;
в) Иш жүзүндө окутуунун интерактивдүү технологияларын көпчүлүк мугалимдер колдонушпайт, мындай технологияларды кээ бир гана мугалимдер кээде гана колдонушат;
г) Иш жүзүндө бардык мугалимдер окутуунун интерактивдүү технологияларын таптакыр колдонушпайт; д) Айта албайм.

9. **Сиз ОшМУнун Математика,физика,техника жана информациялык технологиялар институтунун физик студенттери окуган аудиторияларынын, анын ичинде лабораториялык кабинеттердин материалдык-техникалык базасын кандай баалайсыз? [**Тактоо: *аудиториянын же лапбоараториялык кабинеттин материалдык-техникалык базасына* физикалык приборлор, көргөзмө каражаттар (таблицалар – плакаттар, стенддер, моделдер, макеттер) жана окутуунун техникалык, анын ичинде – заманбап техникалык каражаттары – персоналдык компьютерлер, видеопроектор, электрондук доска, «акылдуу» смарт-доска ж. б.), караңгылатуучу пардалар, видеопроекцияны көрсөтүү үчүн чоң ак экран, физикалык тажрыйбаларды көрсөтүү үчүн демонстрациялык стол, демонтрациялык стол үчүн подиум – досканын алдындагы атайын секиче, парта-блоктор, столдор, стулдар жана прибор сактагыч тумбалуу столдор ж. б. менен жабдылышы *кирет*]

а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар

10. **Учурдук текшерүү деген эмне?** ______________________________________________
______________________________________________________________________

11. **Сиз окуу процессинде орун алган көзөмөлдү - билимдерди текшерүүнү уюштуруунун сапатына жалпысынан алганда канааттанасызбы?**

А. Учурдук текшерүүнү уюштуруунун сапатына: а) ооба, б) жок , в) билбейм;
Б. Модулдук текшерүү:нү уюштуруунун н сапатына а) ооба, б) жок , в) билбейм;
В. Экзаменди уюштуруунун сапатына: а) ооба, б) жок , в) билбейм.

12. **Сиздин оюңузча, билим-билгичтиктерди баалоо критерийлери деген эмне?**
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

13. **Ушул семестрде окуп үйрөнүлгөн дисциплиналарды окуткан окутуучулардын билим-билгичтиктерди текшерип баалоодо колдонгон баалоо критерийлери Сиз үчүн белгилүүбү жана түшүнүктүүбү? (**дисциплиналарды көрсөтүңүз**):**
а) белгилүү жана түшүнүктүү ______________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
б) белгилүү, бирок суроолорду жаратат ______________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
в) белгилүү эмес______________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

14. **ОшМУнун физик студенттер жашаган жатаканасында түзүлгөн жашоо шарттары:**

а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар.

**15. ОшМУнун борбордук китепканасында жана окуу залдарында студенттер үчүн түзүлгөн шарттар:**

а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар.

**16. ОшМУнун башкы корпусундагы ашканасынын студенттерге кызмат көрсөтүүсүнүн учурдагы абалы:**

а) эң жакшы, б) жакшы, в) орто, г) начар, д) абдан начар .

**ОшМУнун Физика-техника факультетинде «Физика» профили боюнча адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу боюнча Сиздин сунуштарыңыз:**

**Жооп бергениңизге ырахмат. Окууңуз ийгиликтүү болсун!**

2. ФЕ(б) -1–24 тайпасы (II курс)

Бул тайпадагы студенттердин жалпы саны –14 , сурамжылоого катышкандардын саны – 14. Анкеталык сурамжылоо 2025-жылдын 26-декабрь күнү 2-анкетанын жардамында жүргүзүлдү. Пайыздык (%) көрсөткүчтөрдү эсептөөдө сурамжылоого катышкандардын жалпы саны 100 % деп кабыл алынды.

Студенттердин анкетанын 1- жана 2-суроолорго берген жоопторунун анализи 1-таблицада жана 1-диаграммада чагылдырылган.

1-таблицадан «Сиз эмне үчүн физик мугалим болууну чечтиңиз, б. а. 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» профилин эмне үчүн тандадыңыз?» деген 1-суроого берилген жооптордун бөлүштүрүлүшүнөн ФЕ(б) -1–24 тайпасынын студенттеринин көпчүлүгү (5 студент, 35,7%) «Физика» профилин келечекте физика мугалими болуп иштөөнү ниеттенип тандагандыгын көрүнүп турат. 3студент (21,4%) «тааныштарымдын жана ата-энемдин кеңеши боюнча» деген жоопту тандаган, 3 студент (21,4%) «мен башка кесиптин ээси болгум келген, бирок документ тапшырганы келсем, ошол адистикте бюджеттик орундар жок экен (же бар болгон менен толуп калыптыр), ал эми физика адистигинде бюджеттик орундар толо элек болчу» 2 студент (14,7%), ал эми 1 студент (7%) «башка себеп» деп белгилешкен, бирок ал себепти көрсөтүшкөн эмес..

2-суроого («Эгер Сизге азыркы учурда ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде окуй бергенге же башка адистикти тандоого, же башка ЖОЖдо физиканы же башка адистикти тандоого мүмкүнчүлүк берилсе, анда Сиз: 9 студент (64,2%) ОшМУда физика адистигинде окуусун уланта бермек; 2 студент (14,2%) ОшМУда башка адистикти тандамак, мында 1 ден студент (7,1%) «дизайнер», «программист», «информатика», «математика» адистиктерин көрсөтүшкөн.

3-суроого («ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде билим берүүнүн сапатын жалпысынан алганда кандай деп баалайсыз?») берилген жоопторду талдоо тайпанын студенттеринин басымдуу бөлүгү ОшМУнун физика адистигинде билим берүүнүн сапатын жалпысынан алганда «жакшы» жана «эң жакшы» деп баалашкандыгын, 2 студент (7%) «орто» жана 1 студент «начар» деңгээлде деп эсептегендигин айгинеледи (2-таблица жана 2-диаграмма).

*1-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | а | б | в | г | д | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 1 | Сиз эмне үчүн физик мугалим болууну чечтиңиз, б. а. 550200 «Физика-математикалык билим берүү» багытынын «Физика» | 5 / 35,7 | 3 / 21,4 | 3 / 21,4 | 2 / 14,2 | 1 / 7,1 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | профилин эмне үчүн тандадыңыз? | | | | | | |
| 2 | Эгер Сизге азыркы учурда ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде окуй бергенге же башка адистикти тандоого, же башка ЖОЖдо физиканы же башка адистикти тандоого мүмкүнчүлүк берилсе, анда Сиз: | 9 / 64,2 | 2 / 14,2 | 1 / 7,1 | 2 / 14,2 | - | |
| 3 | ОшМУда 550200 ФМББ багытынын «Физика» профилинде билим берүүнүн сапатын жалпысынан алганда кандай деп баалайсыз | 4 / 28,5 | 8 / 57,1 | 1 / 7,1 | - | 1 / 7,1 | |

*1-диаграмма*




4-<u>суроого</u> («<u>Өзүңүздүн азыркы учурдагы теориялык билимдериңиздин сапатын кандай деп баалайсыз?</u>») алынган жоопторду талдоонун натыйжалары 3-таблицада жана 3-диаграммада берилген. Аларга таянып, ФЕ(б) - 1–24 тайпасынын студенттеринин басымдуу бөлүгү ушул семестрде окуп үйрөнүп жаткан (же буга чейинки семестрлерде окуп үйрөнүлгөн) дисциплиналар боюнча өздүк теориялык билимдеринин азыркы учурдагы сапатын «эң жакшы» жана «жакшы» деп баалай тургандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга болот. «Электр жана магнетизм», «Физикалык маселелерди компьютердик моделдештирүү», «Энергиянын толукталма булактары» «Электр жана магнетизм»  дисци плиналары боюнча 1 ден студент (7,14 %) өздүк теориялык билимдеринин сапатын начар деп эсептешет.

*3-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | а эң жакшы | б жакшы | в орто | г начар | д абдан начар | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 4. | Өзүңүздүн ушул курста окуп үйрөнүлгөн дисциплиналар боюнча теориялык | | | | | | |

| | билимдериңиздин сапатын кандай деп баалайсыз? | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4.1. | Электр жана магнетизм | 1 / 7,1 | 9 / 64,2 | 1 / 7,1 | 2 / 14,2 | 1 / 7,1 | |
| 4.2. | Физикалык маселелерди компьютердик моделдештирүү: | 7 / 50 | 5 / 35,7 | 2 / 14,2 | - | - | |
| 4.3. | Энергиянын толукталма булактары: | 4 / 28,5 | 7 / 50 | 1 / 7,1 | 2 / 14,2 | - | |
| 4.4. | КСЕ: | 10 / 71,4 | 4 / 28,5 | - | - | - | |
| 4.5. | Философия: | 6 / 42,8 | 4 / 28,5 | - | - | - | |
| 4.6. | Педагогика | 5 / 35,7 | 4 / 28,75 | 3 / 21,4 | 2 / 14,2 | - | |
| 4.7. | Психология: | 7 / 50 | 4 / 28,75 | 2 / 14,2 | 1 / 7,1 | - | |

*3-диаграмма*




<u>5-суроо</u> («Өзүңүздүн теориялык билимиңизди иш жүзүндө колдоно билүүңүздүн сапатын кандай деп баалайсыз?») студенттин окуп үйрөнүлүп жаткан дисциплиналардын ар бири (же ар бир тобу) боюнча өзүнүн теориялык билимдерин иш жүзүндө колдоно билүүсүнүн сапатын өздүк баалоосун айкындоого багытталган. Бул суроого берилген жоопторду талдоонун жыйынтыктары 4-таблицада камтылган жана 4-диаграммада көрсөтүлгөн.

*4-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | а<br>эң<br>жакшы | б<br>жакшы | в<br>орто | г<br>начар | д<br>абдан<br>начар | жооп<br>берген<br>эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
| 5. | Өзүңүздүн теориялык билимиңизди иш жүзүндө колдоно билүүңүздүн сапатын кандай деп баалайсыз? | | | | | | |
| 5.1. | Электр жана магнетизм боюнча маселе иштөө билгичтигиңиз: | 1 / 7,1 | 10 / 71,4 | 1 / 7,1 | 2 / 14,2 | - | |
| 5.2. | Жалпы физика курсунун ушул курста окуп үйрөнүлгөн бөлүмдөрү (электр жана магнетизм, оптика, атомдун, атом ядросунун жана элементардык бөлүкчөлөрдүн физикасы) боюнча лабораториялык иштерди аткарууңуздун сапаты: | 1 / 7,1 | 9 / 64,2 | 4 / 28,5 | - | - | |
| 5.3. | Физикалык маселелерди компьютердик моделдештирүү билгичтигиңиз: | 5 / 35,7 | 8 / 57,1 | 1 / 7,1 | - | - | |
| 5.4. | Тилдер (1-курста окуп үйрөнүлгөн) боюнча сабаттуулугуңуздун азыркы учурдагы абалын кандай баалайсыз? | | | | | | |
| | Кыргыз тили: | 8 / 57,1 | 6 / 42,8 | - | - | - | |
| | Орус тили: | 6 / 42,8 | 7 / 50 | 1 / 7,1 | - | - | |
| | Чет тил: | 4 / 28,5 | 7 / 50 | 2 / 14,2 | 1 / 7,1 | - | |

*4-диаграмма*




Аталган таблица менен диаграммадан көрүнүп тургандай, студенттер азыркы учурда үйрөнүп жаткан (же буга чейин окуп үйрөнүлгөн) дисциплиналардын ар бир тобу боюнча <u>өздүк теориялык билимдерин колдонуу билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн сапатын</u> төмөнкүдөй баалашкан:

- Электр жана магнетизм боюнча маселе иштөө  жана лабораториялык иштерди аткаруу боюнча өздүк билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин баалоодо 1 студент (7%) – «эң жакшы» жообун, ал эми «жакшы» 10 студент( 71,4%), «орто» 1 студент (7%), «начар» 2 студент (14,1%)  тандашкан;
- Жалпы физика боюнча лабораториялык иштерди аткаруусунун сапатын 1 студент (7,14%) – «эң жакшы», 9 студент (62,4%) – «жакшы», 4 студент (28,71%) – «орто» деп эсептейт;
- Физикалык маселелерди компьютердик моделдештирүү боюнча мисал-маселе иштөө  билгичтигинин азыркы сапатын өздүк баалоодо 5 студент (35,7%) – «эң жакшы» жообун, 8 студент ( 57%) «жакшы» жана 1 студент (7%) «орто» жоопторунун белгилеген;
- Кыргыз тили боюнча сабаттуулугунун  азыркы учурдагы деңгээлин  студенттердин дээрлик баары жогору деп эсептешет: 8 студент (57,1%) – «эң жакшы» жана 6 студент (42,8%) – «жакшы» деп көрсөткөн; 1 гана студент – «орто» жообун тандаган;
- Орус тили боюнча сабаттуулугунун  азыркы учурдагы деңгээлин өздүк баалоонун жыйынтыктары төмөнкүдөй:  6 студент (42,8%) – «эң жакшы», 7 студент (50%) – «жакшы», 1 студент (7%)– «орто» жообун тандашкан;
- Чет тили боюнча сабаттуулугунун  азыркы учурдагы деңгээлин  4 студент (28,1%) – «эң жакшы», 4 студент (28,71%) – «жакшы», 7 студент (50%)– «орто»,  1 студент (7%) – «начар» деп эсептешкендиги аныкталды.

Сурамжылоого катышкандардын 4- жана 5-суроолорго берген жоопторун талдоонун натыйжаларын салыштырып-жанаштырып карайлы. Анда ФЕ(б) – 1-24 тайпасынын студенттеринин теориялык билимдердин калыптануу деңгээлин өздүк баалоосунун жыйынтыктарына салыштырмалуу бул билимдерди колдонуу билгичтиктеринин калыптануу дейгээлин өздүк баалоосунда «эң жакшы» категориясын тандагандардын үлүшү азайып, тескерисинче, «орто»  жана  «начар» категорияларын тандаган

студенттердин үлүшү чоңойгондугу даана байкалат. Ошондуктан, ***студенттерде теориялык билимдерди колдонуу боюнча компетенттүүлүктөрдүн ийгиликтүү калыптанышы үчүн окутуучулар сабак учурунда практикалык мүнөздөгү өздүк иштерди көбүрөөк уюштурууга жана үй тапшырмасына ушул сыяктуу иштерди берип, мындай иштердин аткарылышынын сапатына дыкат көңүл буруусу максатка ылайыктуу*** деген **тыянак** чыгарууга болот**.**

6-суроого («Эгер теориялык билимдериңиздин жана аларды иш жүзүндө колдонуу боюнча билгичтиктериңиздин сапаты азыркыдан да жогору болушун кааласаңыз, анда Сиздин оюңузча, кандай көйгөйлөр мыкты билим алууңузга жолтоо болуп жатат?»)

*5-таблица*

| № | Суроо | Жооптор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | а | б | в | г | д | жооп берген эмес |
| | | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % | саны / % |
